**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин кызматкерлеринин Жамааттык жыйыны

Протокол № 67-1, 05.09.2024-ж.

**«БЕКИТИЛДИ»**
Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинин директору

_______________ Б. И. Исмаилов

Буйрук №2/0101, 05.09.2024-ж.

# БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУН ТЫШКЫ БААЛООНУ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Агенттик тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын белгиленген стандарттарга жана критерийлерге ылайык келүүсүн таануу максатында билим берүү уюмуна (ББУ) жана/же билим берүү программасына (ББП) тышкы баалоону өткөрүү тартибин жөнгө салат.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы №246 токтому менен бекитилген билим берүү чөйрөсүндө аккредитациянын талаптарына жана критерийлерине ылайык иштелип чыккан.

## 2. Тышкы баалоонун максаттары жана милдеттери

2.1. Тышкы баалоонун негизги максаттары болуп:

- ББУ/ББП аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге дал келүүсүн талдоо;
- ББУ/ББП күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;
- ББУ ишмердүүлүгүн жана/же ББП жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

2.2. Тышкы баалоонун милдеттери:

- ББУ/ББП абалы жөнүндө маалымат жыйноо жана талдоо;
- Аккредитациялык стандарттарга жана критерийлерге ылайык аткарылышын баалоо, ошондой эле ББУ/ББП күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;
- ББУ/ББП ишмердүүлүгүн жана сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

## 3. Тышкы баалоону уюштуруу

3.1. Тышкы баалоону өткөрүү үчүн шарттарды уюштуруу жоопкерчилиги билим берүү уюмунун администрациясына жүктөлөт.

3.2. Тышкы баалоону уюштуруу боюнча жоопкерчилик ББПУАА референтине жүктөлөт.

3.3. Тышкы баалоо үч этаптан турат:

- Даярдык этабы (маалымат жыйноо, документтерди талдоо);
- ББУ баруу, интервью өткөрүү, окуу жайдын инфраструктурасын кыдырып карап чыгуу, документация менен иштөө, алдын ала жыйынтыктарды жарыялоо;
- Жыйынтык этапы (жыйналган маалыматтарды талдоо, отчет түзүү, сунуштамаларды иштеп чыгуу).

## 4. Тышкы баалоонун стандарттары жана критерийлери

4.1. ББУ/ББП тышкы баалоо билим берүү уюмунун арызы, деңгээлдери боюнча стандарттарга жана критерийлерге ылайык жүргүзүлөт:

- Жогорку кесиптик билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Орто жана баштапкы кесиптик билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Орто жана баштапкы кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Негизги жана орто жалпы билим берүү уюмун институционалдык аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик программаларын аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Медицина багытындагы билим берүү уюмдарын эл аралык институционалдык аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;
- Медицина багытындагы билим берүү программаларын эл аралык аккредитациялоо үчүн стандарттар жана критерийлер;

## 5. Тышкы баалоо жүргүзүү тартиби

5.1. Тышкы баалоо төмөнкү негизде жүргүзүлөт:

- ББПУАА тарабынан тышкы баалоо жүргүзүү боюнча буйрук;
- ББУ тарабынан сунушталган өзүн-өзү баалоо боюнча отчет;

- Эксперттик комиссиянын ББУ эки күндүк визити үчүн программа;
- Эксперттик комиссиянын ББУ эл аралык аккредитациялоо боюнча үч күндүк визити үчүн программа;
- Тышкы баалоо боюнча колдонмо;

5.2. ББПУАА референти тышкы баалоону ББУ эки күндүк же үч күндүк визитинин программасына ылайык уюштурат.

**6. Тышкы баалоонун жыйынтыктары боюнча корутунду**

6.1. Тышкы баалоонун жыйынтыгы боюнча корутунду (алдын ала жыйынтыктар) түзүлөт, ага төмөнкүлөр кирет:

- ББУ белгиленген стандарттарга жана критерийлерге дал келүүсүн баалоо;
- Жыйналган маалыматтарга негизделген күчтүү жана алсыз жактары;
- ББУ ишмердүүлүгүн же ББП сапатын жакшыртуу боюнча сунуштамалар;
- ББУ/ББП боюнча тышкы баалоонун корутундусу.

6.2. Тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын отчёту ББПУАА жана ББУ тышкы баалоо аяктагандан кийин 10 жумушчу күн ичинде берилүүгө тийиш.

6.3. Эксперттик комиссиянын тышкы баалоо боюнча отчету ББПУАА алдындагы АК жыйынында каралат.

**7. Жыйынтыктоо жоболор**

7.1. ББУ белгиленген тартипте тышкы баалоонун жыйынтыктарына каршы аппеляцияга берүүгө укуктуу.

7.2. Бул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү ББПУАА тарабынан бекитилген нормативдик актылар боюнча жүргүзүлөт.